DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*Усубалиева А.С., Кулова Э.К.*

# АДАМ ТУРМУШУНДА ЫСЫМДЫН МААНИСИ

*Усубалиева А.С., Кулова Э.К.*

# ЗНАЧЕНИЕ ИМЕНИ В ЖИЗНИ ЧЕЛОВЕКА

*A. Usubalieva, E. Kulova*

# THE SIGNIFICANCE OF A NAME IN HUMAN LIFE

*УДК: 391/395*

*Бул макалада жарык дүйнөгө келген наристеге коюлган ысымдын жана анын мааниси, ата-эненин баладан күткөн чексиз үмүтү тууралуу жазылды. Ат коюуда улуулардын милдетин, ысым адамдын тагдырына таасирин тийгизери илимий негизде талдоого алынмакчы. Кыргыз эли башка түрк элдериндей эле ысымдардын маанисине жана анын өзгөчөлүгүнө айрыкча көңүл бурушкан. Адамдын ысымы анын кулк-мүнөзүн чагылдырат, жакшы атка татыктуу болууга түртөт. Ысым адамга канчалык жакшы коюлса анын тагдырына өз таасирин тийгизет, аны жашоосунда акылдуу, күчтүү, активдүү болууга милдеттендирет. Ошондуктан ар бир үй-бүлө жарык дүйнөгө келген наристеге колдон келишинче жакшы ат тандап койгонго терең маани берет. Ошондой эле доордун алмашуусундагы жана бүгүнкү күндөгү ат коюудагы өзгөрүүлөр каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *адам, ысым, тарбия, балдар, салттар, тыюу, ысымдын мааниси.*

*В данной статье написана именование новорожденного ребенка и значение, его имени безграничная надежда родителей, обязанности взрослых при именовании младенца. Было рассмотренно с научной точки зрения влияние имени человека на его судьбу. Кыргызы, как и другие тюркские народы, уделяли особое внимание значению и уникальности имен. Имя человека отражает его личность и побуждает его быть достойным доброго имени. Каким бы удачным ни было имя человека, она влияет на его судьбу и обязывает быть умным, сильным и активным в жизни. Именно поэтому каждая семья уделяет особое внимание выбору хорошего имени для малыша. А также рассмотренны изменения в именованиив переменных периодах и на сегодняшний день.*

***Ключевые слова:*** *человек, имя, воспитание, дети, традиции, табу, значение имени.*

*In this article is written the naming of a newborn child and the meaning of his name is the immeasurable hope of parents, the duty of adults when naming an infant. The influence of a person's name on his fate was examined from a scientific point of view. The influence of a person's name on his fate was considered from a scientific point of view. The Kyrgyz, like other Turkic peoples, paid special attention to the meaning and uniqueness of names. A person's name reflects his personality and encourages him to be worthy of a good name. No matter how successful a person's name is, it affects his fate and obliges him to be smart, strong and active in life. That is why every family pays special attention to choosing a good name for the baby. And also considered changes in the naming of variable periods in the present day.*

***Key words:*** *man, name, upbringing, children, traditions, taboos, the meaning of the name.*

Салттуу коомдо балага же кызга ат коюуга ошол айылдын аксакалын, же болбосо кадырлуу кишисин чакырып, азан айттырып, ат энчилеп берүүсүн өтүнүшкөн. Мындай тартип ХХ кылымдын ортолоруна чейин бардык аймактарында колдонулуп келген. Кыргыз эли башка түрк элдериндей эле ысымдардын маанисине жана анын өзгөчөлүгүнө айрыкча көңүл бурушкан. Шаан-шөкөт менен айылдын сыйлуу аксакалдарын, тууган-урукту чакырып, балага ат коюп берүүсүн өтүнүшкөн. Байыркы замандардан бери түрк элдеринде ысым берүүдө кандайдыр бир чектөө болгон эмес, ошол жагдайга ылайык балага каалаган атты бере алышкан. Ошентсе да, балага ат тандоодо көптөгөн жалпы эрежелер болгон. Мезгилге, болуп жаткан окуяга, төрөлгөн жерине ж.б. бир катар жагдай-шартка ылайык аттар пайдаланыла берген.

Түрк элдеринин көпчүлүгүндө XIX, XX кылымдарга чейин балага ат тандоо салттары окшош болгон. Мисалы, телеуттарда балага атты төрөлөрү менен беришкен. Көпчүлүк учурда баланын атын төрөлгөндө үйгө биринчи кирген адамдын атынан коюшкан. Ал эми шорлордо балага ат коюу ата-энесинин жана туугандарынын чечимине жараша болгон. Баланын аты туугандарынын биринин атына окшош болбоосу зарыл болгон. Хакастар баланын атын төрөлгөндөн үч айдан кийин гана коюшкан. Бул үчүн атайын той өткөрүлүп, эркек баланын атын кадырлуу карыялар, кыз баланын атын байбичелер коюшкан. Кыргыздарда балага ат коюуда белгилүү бир эрежелер болгон эмес. Ат коюунун белгилүү убактысы болгон эмес, ал төрөлгөн күнү, 1-2 айдан кийин деле коюла берет. Ат коюуну аксакал же баатыр адам, же кадыр-барктуу, атактуу адамдар иш жүзүнө ашырышкан. Азанчы кыбыланы карап, эки кулакты какты кылып, оңго-солго бурулуп: "*Алло-оху-акпар! Алло-оху-акпар, Алло-оху-акпар!...*" - деп кыйкырып, чүрпөнүн эки кулагына атын үч кайталап айткан [3, 4-6-бб.]. Азан чакырган адам жөн гана баланын атын коюп койбостон, келечегине бата берген.

Баланын жарык дүйнөгө келгенден кийинки алгачкы алган белгиси – анын ысымы. Бул биринчи энчиде (атта) ата-эненин чексиз үмүтү, баладан күткөн максаты камтылып жатат. Адамдын турмушунда анын ысымы зор мааниге ээ болот деген ой азыркы убакта да эл арасында орун алат. Жасалган бардык жаман же жакшы иштерде адамдын аты аталат. Ошондуктан кыргыздар "*жаманатты (жаман аттуу) болгондон кудай сактасын"* деп тилешет [5, 24-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



б.]. Коюлган ысымдардан эле элдин маданиятын, билим деңгээлин, эстетикалык табитин байкоого болот. Бирок XX кылымдын 80-жылдарына чейин кыргыз үй-бүлөлөрүнөн Көчкөнбай, Тезекбай, Бокмурун сыяктуу ысымдарды жолуктурууга мүмкүн болгон. Кийинки муундарга жагымсыз болуп угулган мындай аттарды коюунун өз себептери бар эле. Тагыраак айтканда, балдары токтобогон ата-энелер, узак мезгилдер бою перзент көрбөй жүрүп балалуу болгондор наристенин өмүрүнө зыян келтирүүчү кара күчтөр, жиншайтандар, көздүү адамдардын көзү тийбесин деген ниет менен ушундай ысымдарды коюшкан [5, 25-б.], [2, 3-б.], [1, 10-б.]. Анын айкын мисалын "Манас" эпосунан да жолуктурабыз. Айтылуу Көкөтөй хан карыганда көргөн баласына (чындыгында аны таап алат) Бокмурун деп ат коёт. Анткен менен мындай ысымдуу жигиттер эр жетип чонойгондо экинчи жолу азан чакыртып, эл тарабынан өзүнө жаккан же жасаган эрдигине татыктуу жакшы ысым алгандыктары жөнүндө маалыматтар бар. Тажиктерде кара күчтөр тийбей өтүп кетсин үчүн Партов («таштанды»), Пахол («саман»), коргоосуз балага тийбесин деп Ятим («жетим») деген аттар коюлганы белгилүү [1, 10-б.].

Биздин элде төрөлгөн баласына үйүнө келген сыйлуу коногуна, досуна, туугандарына ат койдурганы, же болбосо көзүнө урунган биринчи нерсенин атын эле балага ат кылып ыйгарып койгону белгилүү. Жакшы мамиледеги адамдын же ынак досунун атын койгон, же туугандары бири-биринин балдарынын аттарын атайын уйкаштырып коюшкан учурлары жөнүндө маалымат берүүчүлөрдүн чогултулган материалдардан улам даана байкалат.

Демек, ушул белгилеген айрым жагдайларды эске албаганда, кыргыздар ат коюуга өтө жоопкерчилик менен мамиле кылышкан. Муну "Манас" эпосундагы мисалдар да ачык далилдей алат. Алсак, бай Жакып элүүдөн өткөндө уулдуу болуп, той берип, чогулган элден баласына ат коюп берүүнү өтүнгөндө, аксакалдар узакка чейин ылайыктуу ысым таба албай кыйналып туруп калышат. Бул кырдаал эпосто:

"Ат коюңар деп айтып,
Аксакал Жакып кеп айтып,
Көптүн келди кашына,
Ат асмандан дечү эле,
Жакшы ат коёр бекен деп,
Көзүн салып бай Жакып,
Аяк менен башына" [4, 86-б.] - деп берилет.

Мындагы "*Ат асмандан дечү эле"* деген саптан кыргыздардын адамдын ысымын Теңирдин ыйык белеги катары кабылдашканын көрөбүз. Бабаларыбыз адам төрөлгөндө асманда анын жылдызы кошо төрөлөт деп ишенишкен. Эпосто чогулган элге дубана келип:

"Аты болсун Манас деп,
Алла Таала сактасын,
Ар балаадан калас деп" [4, 87-б.], - балага ат коюп, көздөн кайым болуп кетет.

Манастын аты кыргыз баласына өтө сейрек коюлуп келет. Ал эмес анын чоролорунун ысымдары да аз кездешет. Мунун белгилүү бир сыры бар. Анткени Манас – кыргыздардын пир туткан өтө ыйык аты, керек болсо кыргыздын чакырган урааны. Ошондуктан элдин аң-сезиминде наристе бала мындай оор атты көтөрө албай ооруп калат, азап чегип кыйналат деген ишенимде азыркы күндө да бул атты балага ыйгаруудан сак-сактап, коркуп турушат.

Кыргыздар балдарына жан-жаныбарлардын, канаттуу куштардын атынан куралган ысымдарды дагы беришкен. Эл арасында айрыкча жырткыч жаныбарлардын, башкача айтканда Арстанбек, Жолборс, Бөрүбай, Кабылан сыяктуу ысымдар басымдуулук кылаарын белгилөөгө болот. Мындай аттар келечекте бала ушул жаныбарлардай жүрөктүү, күчтүү, кайраттуу болсун деген тилек менен коюлат. Бул энчилүү аттар элдин бир мезгилде ушул жаныбарларды ыйык туткан тотемдик ишенимдери менен тыгыз байланыштуу байыртадан бери келе жаткан салттуу ысымдар болуп саналат. Ата-бабалар өсүп турган өсүмдүктөрдүн да жаны бар, алар да адам сыяктуу эле жашашат деп түшүнүшкөн. Ошондуктан өсүмдүктөргө байланыштуу Арчабек, Сарымсак, Гүлгаакы, Гүлкайыр, Гүлжан деген сыяктуу аттарды коюшкан.

Жаныбарларга, өсүмдүктөргө тиешелүү ысымдар жөнүндө сөз кылгандан кийин, жансыз жаратылышка байланыштуу коюлган аттар тууралуу да айта кетүүгө туура келет. Мисалы: Ташыбек, Темирбек, Бекташ, Болот, Алтынбек, Алмазбек, Гаухар, Күмүшкүл, Акак деген сыяктуу ысымдар коюлган.

Кыргыздарда баласы токтобогон келин төрөсө анын уулунун атын Бекболсун, Токтобек, Боосубек, Кайрылбек ж.б.у.с. аттарды коюшкан. Төрөлгөн наристени беш же үч кемпир жуунтуп, кийинтип, жалаягын буттарынын астынан өткөзүп, андан кийин баланы орошкон. Анан баланы ата-энесине сатышкан. Наристеге Үчкемпир, Бешкемпир, Саткын ж.б. ушул сыяктуу ысымдар коюлган.

Эгерде келин жалаң кыз төрөсө мындан кийин уул төрөсүн деген ниетте наристеге Бурул, Жаңыл, Уулкыз, Уулбү, Болдукыз ж.б. ушул сыяктуу аттарды коюшкан. Ал эми түрктөрдө жалаң кыз төрөлсө, кийинки кыздын атын *Донди* деп коюшат [10]. Мындай атта келиндин эркек бала төрөшүнө өбөлгө түзөт деген ишеним бар. Дагы айта кетчү нерсе түрк [9], өзбек [6] элдеринде төрөлгөн ымыркайга ат коюуга анын ата-энесинин укугу жок. Үй-бүлөдө ээлеген орду жогору кайната же кайнене, же кайнага сыяктуу адамдарга гана ат коюу укугу берилген. Ат койгон киши наристеге өзүнүн бул дүйнөдөн өтүп кеткен бир туугандарынын, атасынын, апасынын, баласынын атын деле коё берген учурлар кездешет.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



Ал эми совет доорунда болсо Эрнест, Ильич, Марлес, Советбек, Сьездбек, Союзбек, Сталбек, Мира ж.б. сыяктуу ысымдар пайда болгон. Мындай ысымдар социалисттик идеологияга, коммунисттик партиянын лидерлеринин аттарына же ошол доордогу маанилүү окуяларга байланыштуу берилгендиги даана эле сезилип турат.

Азыркы мезгилде наристеге ат коюуда батыш жана чыгыш мамлекеттеринде кезиккен ысымдарды коюу тажрыйбалана баштады. Айталы, мындай аттарга Аделина, Жасмин, Луиза, Саид, Эрик, Индира, Зина, Лолита ж.б. сыяктуу аттарды киргизүүгө болот.

Акыркы убакта жаштар арасында батыш маданиятын туурап, төрөлө элек балага алдын-ала ат коюлуп калган учурлар да бирин-экин орун ала баштаганын айтпай кетүүгө болбойт. Бирок кыргызда төрөлө элек балага алдын-ала ат тандалып коюлбайт деген ишеним дале күчтүү. Ошондуктан эзелтен кыргызда “эл арасында жүрүп жагымсыз ишке барбоо керек”, “атаңдын же өзүңдүн атыңа шек келтирип, жаманатты болуу – өтө уят иш!” деген түшүнүктөр баланын аңсезимине жаш кезинен тарта куюлуп, оң жолго тарбиялашкан.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинде *“атына заты жарашкан”* деп айтылгандай, башкача айтканда, адамдын ысымы анын кулк-мүнөзүн чагылдырат, жакшы атка татыктуу болууга түртөт. Ысым адамга канчалык жакшы коюлса анын тагдырына өз таасирин тийгизет, аны жашоосунда акылдуу, күчтүү, активдүү болууга милдеттендирет. Ошондуктан ар бир үй-бүлө жарык дүйнөгө келген наристеге колдон келишинче жакшы ат тандап койгонго терең маани берет. Азыркы мезгилде энелер наристени басымдуу учурларда заманбап төрөт үйлөрүндө төрөшөт, бирок балага үйүнө келгенде гана молдого азан чакыртып, ат койдуруп жүрүшөт. Ал эми динден сабаты бар адамдар дарыгердин уруксаты менен төрөт үйүнө кирип, ошол жерден балага азан айттырып атын койгон учурлар да кездеше баштаганын маалымат берүүчүлөрдүн материалдары кабарлайт.

**Адабияттар:**


1. Гафуров А.Г. Имя и история: Об именах арабов, персов, таджиков и тюрков. - М.: Наука, 1987. - 220 с.
2. Жапаров, Ш. Кыргыз адам аттары. - Фрунзе: Илим, 1989. - 113 б.
3. Култаев, К. Кыргызда сонун салттар бар. // Акыйкат жарчысы. - Жалал-Абад, 1993. - 6-март. - 4-6-бб.
4. Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. - Фрунзе: Кыргызстан, 1978. - 1 китеп. - 296-б.
5. Мурзакметов А.К. Кыргыз ырым-жырымдары. - Ош, 2005. - 110-б.
6. Усубалиева А.С. Обряды используемые при появлении молодой невестки и ее этика. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 67-70


**Маалымат берүүчүлөрдүн тизмеси:**

1. Атакулова Карамат, 55 жашта, Манас району, Үч-Коргон айылы.
2. Сагымбаева Бүажар, 71 жашта, Мааматбай уруусу, Манас району, Жийде айылы.
3. Сарыбаева Чолпон, 30 жашта, теке уруусу, Талас району, Беш-Таш айылы.
4. Чауш оглы Ахмед, 50 жашта, Кара-Буура району, Аманбаев айылы.
5. Чауш оглы Жамал, 60 жашта, Кара-Буура району, Аманбаев айылы.